
# Жөжө бизнеси



Автор: Үмүтай Шүкүрбай кызы

Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

# Жөжө бизнеси

Автор: Үмүтай Шүкүрбай кызы
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жөжө бизнеси" (кыргыз тилинде), автор Үмүтай Шүкүрбай кызы, сүрөтчү Адель Дуйшеева

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





Азаматтан башка үйдө эч ким жок эле. Андыктан алыс кетпей, Бекзат менен үйдүн жанында футбол ойноп жатты.

Кечке топ тепкен Бекзат абдан суусап кетти.

– Силердикинен суу ичип алсам болобу?

– Өзүң эле ичип кел, эшик ачык! – деди оюнга кызыккан Азамат.

Бекзат суу ичип жатып, ашканадан "чыйп-чыйп" деген үндү укту.

– Бул жакта жөжөлөр жүрөт го! Азамат, бери келсең! Жөжөнүн үнү кайдан чыгып жатат?

Азамат сырттан чуркап кирди.

– Аа-ийй, бул эмне? Жөжөлөр го! Кантип камалып калышкан? – деди Бекзат.

– Бул – инкубатор. Тийбе, жумурткалардан жөжө чыгат, – деген атам.

– Карачы, баса да алышпайт экен. Бирөөсү тоголонуп жатат. Жүндөрү суу. Кичинекей буттарын араң кыймылдатып жатышат. Кызык, ушул аппаратка жумурткаларды салып койсо эле жөжө чыгып калабы? – деди Бекзат.

– Бир тоок алтымыш жөжө чыгара албайт. Бул жерде 60 жумуртка бар. Мен деле анча түшүнбөйм. Кел, андан көрө телефондон инкубатор жөнүндө маалымат издеп көрөлү.

Экөө смартфондон инкубатор тууралуу видеолорду көрүштү.

– О-гоо, сонун турбайбы! Азамат, биз дагы жөжө чыгарып сатып бизнес кылбайлыбы?

– Кантип?

– Интернеттегидей эле.

Экөө бул идеяга аябай кызыгып калышты.

Кечинде Бекзат досу экөөнүн ою жөнүндө атасына айтты.

– Азаматсыңар, жакшы идеяңар бар экен, – деди атасы.





– Азаматтын үйүндө инкубатор аппараты бар. Мен 30 жумуртка, Азамат 30 жумуртка салмак болдук. 60 жөжөнү инкубатордон чыгарып, бир ай багып, анан аны сатабыз. Болгону, мен өзүбүздүн тооктордун жумурткасын жыйнашым керек, – деди Бекзат атасына.

– О-оо! Анда, ишиңерге ийгилик! – деп жылмайып койду атасы.

– Атам инкубатор аппаратын берүүгө макул болду. Эми биз тооктурубуздун жумурткаларын жыйнашыбыз керек! – деди Азамат Бекзатка кубанычтуу.

Ошол күндөн тартып, алар жумуртка жыйнай башташты. Муздаткычка салынган жумурткадан жөжө чыкпашын билишет. Андыктан тоок жумурткаларын өтө ысык да эмес, муздак да эмес салкын жерде кылдаттык менен топтоп жүрүштү. Эки жума дегенде экөө бирдей отуздай жумуртка топтошту.

Алар бүгүн мектептен чыгып, үйгө шашып жөнөп калышты. Жумурткаларды инкубаторго салышат!

– Коё тургула, силер менен чогуу кетейин! – деп кыйкырды классташы Айжан.

– Айжан, биз шашып жатабыз! Жакында сюрприз болот! – деди чуркап бараткан балдар.

– Сюрприз? Кызык...

Айжан бул сөздү аларга угузбай айтты да, артта кала берди.


– Абайла, сындырып албайлы, отуз даана!

– Мына, бул жакта да отуз жумуртка болду.

Бекзат жумуртка салынган идишин Азаматка сунду. Ар бир жумуртканы инкубатордун ичине иреттеп салышты.

Дубалга календарь илип, ага "19 күндөн кийин ачабыз. Бүгүн 20-апрель, 10-май күнү жөжөлөрүбүз чыгып калат" деп жазып коюшту.





Эми жөжөлөрдүн чыгышын күн санап күтүп жүрүштү. Мектептен чыгар замат үйгө келип, жумурткаларды карашат. Инкубатордун температурасын, нымдуулугун текшерип турушту.

10-май. Бүгүн жөжөлөр чыкчу күн!

– Канчасы чыкты экен, ээ?

– Баары эле! 19-күндөн баштап чыгат деп окубадык беле! – деп балдар үйдү карай чуркашты.

Жумурткалар ошол эле бойдон туруптур. Инкубатордун жанында тымтырс отуруп калышты...

Эмнеге мындай болду? Кантип бир да жөжө чыкпай калды? Баарын туура эле жасашпады беле?

– Эхх! Жөжөлөр чыга элек! Жыйырма күн болду, – деп блокнотко жазып, ыйлаган быйтыкчаларды тартып коюшту.

Эртеси алар мектептен Айжан менен чогуу кайтышты. Экөө бири-бирине сүйлөбөй, жалгыз Айжан гана божурап келе жатты.

Үйгө кирип эле, дароо инкубаторго жүгүрүп барышты.

– Чыйп, чыйп...

– Ура-а, жөжөлөр! Жөжөлөр чыкты! Карачы, бир, эки, үч! Тээтиги эки жумуртка жарылайын деп турат, – деди Бекзат кубанганынан секирип.

Алар жөжөлөрдүн жанынан жылбай, чыйпылдаган үндөрдү уккан сайын сүйүнүп жатышты.

– Ура!  Элүүгө жакын жөжө!

– Бекзат, буларды инкубатордон чыгаруу керек. Карачы, ичи ысык болуп, аба жетпей жатат окшойт.

– Ооба. Бирок, кайда чыгарабыз?


– Тооктордун жанына кошуп койбойлубу, – деди Азамат тооккананы көрсөтүп.

– Атаң ошентти беле?

– Жок, атам жөжөлөрдү кайда бакканына көңүл бурган эмесмин.

– Балапандар  өтө эле кичинекей, тооктор чокулап салсачы?

– Тезинен бир нерсе ойлоп табуу керек!






Ютубдагы "Ку-ка-ре-ку" деген каналдан жөжөгө туура кам көрүү жөнүндө видеолорду көрүштү. Инкубатордон чыккан жөжөлөрдү атайын температурасын өзгөртүп турууга боло турган, жылуу, жарык аппаратта бир ай багуу керек экен. Жөжө чыккан биринчи суткада 30 градус жылуулукта кармап, үчүнчү суткада 28-27 градус жылуулукка түшүрүүгө болот. Андан кийинки ар бир жумада 2-3 градустан аппараттагы температураны азайтып отуруп, бир ай толук болгондо 18 градуста багуу керектигин билишти.

Балдарда андай аппарат жок! Ойлонуп олтурууга убакыт да жок. Алар аппаратты үй шартында жасамай болушту. Электр жарыгын туташтырууну ойлонуп калышты. Кызык, эмнеге ойлонушат? Бекзаттын атасы электрик эмеспи!

Керектелүүчү буюмдарды таап, аппаратты жасоого киришишти. Алгач таза аба кирип туруу үчүн кутунун бир бурчун кичинекей терезе сыяктуу кылып тешип алышты. Атасы электр тогуна туташтырып берди. Жарык лампаны кутунун ичине илишти. Ал жылуулук жана жарык менен камсыздайт. Андан кийин аппараттын ичине жыгач таарындыларын чачышты. Нымдуулукту сактоо үчүн бир четине жайпак калай идишке суу куюп коюшту. Бир бурчка термометрди илишти. Ал жөжөлөр үчүн абдан маанилүү, анткени температураны улам көзөмөлдөп, азайтуу керек. Ура! Жөжөлөрдүн үйү даяр!





Ошентип, жөжөлөрдү жаңы жасалган кутуга салышты.

Жөжөлөр үчүн витаминге бай жем бериш керек. Күн мурунтан даярдап койгон жемди алып келишти. Аларга белок маанилүү экенин билишет. Сууга бышкан жумуртканын агын майдалап беришти.

Эми экөө күн сайын жөжөлөргө кам көрүшөт. Бүгүн жөжөлөрдүн инкубатордон чыкканына он эки күн болду. Айжанга көрсөтөбүз деген сюрприз даяр!

– Ай-иий, мынча көп жөжөнү кайдан алдыңар? – деди Айжан таң калып.

– Өзүңө 5-6 жөжөнү тандап ал. Сага белек болсун, – дешти балдар.

Жөжөлөргө 22 күн болду. Азамат менен Бекзат эми сатуунун жолун издешүүдө. Базарга мынча көп жөжөнү кантип алып барууну ойлонуп калышты. Айжан "Lalafo" деген тиркеме бар экенин, андан бардык нерсени оңой сатууга болорун айтты.

– Жарнаманы тиркемеге жүктөшүбүз керек. Келгиле, жөжөлөрдү сүрөткө тартабыз, – деди Айжан.

Анын сунушу балдарга жакты.

– Эй, Сары, мындай тур, кана кызыл тумшугуңду чормойтуп койчу!

– Эй, Кашкатай, бери кара! Үчөө кичинекей жөжөлөрдү сүрөткө тартып жатышты.

– Ха-ха, хи-хи!

Балдар кыткылыктап күлүп жатышты.

Жарнаманы жүктөгөндөн кийин эле биринчи кардарлары телефон чалып, үйгө өздөрү келишип, жөжөлөрдү сатып алып кете баштаашты.

Алтымыш жумурткадан элүү төрт жөжө чыккан. Анын ичинен алты жөжөнү Айжанга беришкен. Калган 48 жөжөнү сатышты.

Балдар жөжөлөрдү сатып жибергендерине бир чети капа болушса, бир чети бизнести ийгиликтүү баштап алгандарына кубанып калышты. Мындан ары дагы көп жөжө чыгарууну кыялданышты.

Айжандын жардамы менен, Ютубдан "Кичинекей фермерлер" деген канал ачып, жөжөлөргө туура кам көрүү боюнча видеолорду тартып жүктөп башташты. Жактырып көргөндөр көбөйдү. Азамат, Бекзат жана Айжан ферма ачууну ойлонуп калышты.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Үмүтай Шүкүрбай кызы
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли